Мектеп окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугусуз жалпы билим берүү программаларында жана Базистик окуу планында каралбаган жумуштарды аткарууга жол берилбейт.

Окуучуларды коомдук-саясый жана диний партиялар менен уюмдарга, аскердик түзүлүштөргө кирүүсүнө (өтүүгө) ошондой эле ушул партиялар менен уюмдардын иштерине, агитациялык компания менен саясый акцияларына катышуусун мажбурлоого жол берилбейт.

Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы менен аяктайт.

Тийиштүү класстардын негизги жалпы билим берүү прграммаларын толук өлчөмдө өздөштүргөн окуучулар мектептин педагогикалык кеңешинин чечими боюнча кийинки класска которулат.

Өткөн класстын (баскычтын) негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн окуучулардын Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык мектептин кийинки классында (баскычында) окуусуна жол беилбейт.

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн мектептин бүтүрүүчүсүнө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы билим берүү уюмунун герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат.

Мектеп жалпы негизги же жалпы орто билим берүүнү аяктабаган окуучуга аныкталган үлгүдөгү маалымкат тапшырат.

Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүгө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык мектептин герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билиминин артыкчылыгы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырат.

Бир же бир нече сабактарды өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчү “Айрым сабактарды өздөштүрүүдө жетишкен өзгөчө ийгиликтери үчүн” деген Мактоо грамотасы менен сыйланат.

Бардык сабактар боюнча эң жакшы чейректик, жылдык жана жыйынтыктоочу баалары бар көчүрүү класстарынын окуучулары “Окуудагы эң жакшы ийгиликтери үчүн” деген Мактоо баракчасы менен сыйланышат.

Мектептин педагогикалык кеңешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка каршы иш-аракеттерди жасаган жана мектептин уставын көп жолу одоно бузгандыгы үчүн он беш жашка чыккан окуучуларды, педагогикалык таасир этүүнүн чектүү чарасы катары мектептен чыгарууга жол берилет.

Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энеси (мыйзамдуу өкүлү) менен бирдикте чыгарылган окуучуну башка мектепте окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат.

Жетим балдарды жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн ) багуусунан ажыраган балдарды жалпы билим берүү уюмунан чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн макулдугу менен кабыл алынат.

## 9.Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:

-мектепти тандап, окуусун улантуу үчүн окутуунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
-малекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы орто билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
-балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
-уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмунун башкаруусуна катышууга;
-билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кайрылууга укуктуу.